КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ Х СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

13-август 2025-жыл **№ 3** Октябрь айылы

**Багыш айыл өкмөтүнө берилип жаткан экскаватор техникасын муниципалдык менчикке алууга макулдук берүү жөнүндө**

Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 23-июлундагы 01-15/216 сандуу “Суу ресурстары, айыл чарба жана иштетүү өнөр жай министирлиги тарабынан берилип жаткан экскаватор техникасын муниципалдык менчикке кабыл алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы №405токтомунун тиркемеси “Мамлекеттик мүлктү муниципалдык менчикке өткөзүп берүү жөнүндө” катын негиздеп, Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиясынын протоколдук чечимин талкуулап, Багыш айылдык кеңешинин кезексиз X сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековдүн берген маалыматы эске алынсын.
2. Багыш айыл өкмөтүнө Сузак райондук суу чарба башкармалыгы тарабынан берилип жаткан экскаватор техникасын муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

5. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**